УДК: 94(575.2) (04)

# КЫРГЫЗДАР ЧЫГЫШ БУЛАКТАРЫНДА

**Арзыбаев Т. К.**
т.и.к. жетектөөчү кызматкер,

# ВОСТОЧНЫЕ ИСТОЧНИКИ О КЫРГЫЗАХ

**Арзыбаев Т. К.**
к.и.н., ст. науч.сотр.

# KYRGYZ IN EASTERN SOURCES

**Arzybaev T.K.**
candidate of historical sciences,
senior researcher

*КР УИАнын Б.Жамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту*
*Институт истории, археологии и этнологии им.Б.Джамгерчинова НАН КР*
*Institute of History, archaeology and Ethnology named after B.Dzhamgerchinov of the NAS KR*

**Аннотация.** Бул макалада чыгыш тарыхы Рашид ад-Диндин «Кыргыз уруусу» тууралуу «Жылнаамалар жыйнагында» буларды кабарлары «Кыргыз менен Кэм-Кэмжиут» - жанаша жашаган эки дубан эл, экөө биригип бир бийликти (мамлекетти) түзөт. «Си-ши-изиде» (XIII к) кыргыздар тууралуу сөз болгондо Эртыш менен Алтай аймагынын эки катары сүрөттөлөт. «Юань-Шинин» маалыматтарына караганда «Кянь-Кянь Чжоу» областы кыргыздар өлкөсүнөн түштүк-чыгышка, ошол эле маалда «Кем б.а. Енисей суусунан батышта жайгашкан».

Бул доордон Улуу Кыргыз каганаты (державасы) түзүлгөнгө чейинки «Тан» доорундагыдай эле кыргыз урууларынын ээлик кылган жерлерин, мекендеген тоо-сууларын, алар менен чектешип, а түгүл кыргыздардын үстөмдүгүндө жашаган уруулардын жайгашышы тууралуу маалыматтар жазылган.

**Негизги сөздөр:** кыргыздар, Орто Азия, чыгыш, Найман, Енисей, каганат, Алтай.

**Аннотация.** В этой статье восточный историк Рашид ад-Дин сообщает о «киргизском племени» в «Сборнике летописей» следующее: «Кыргызы и кем-кемджиут» — два соседних народа, вместе они образуют одну державу (государство)». Си-ши-изиде» (XIII к) при разговоре о Киргизах, Ертышском и Алтайском краях описывается как два. По данным «Юань-Ши», регион «Кян-Кян Чжоу» находится на юго-востоке Кыргызской страны, в то же время «Кемь», т.е. Он расположен к западу от реки Енисей. Из этого периода, как и в «танский» период до образования Великого Кыргызского каганата (государства), можно получить сведения о землях, принадлежавших киргизским племенам, горах и водах, где они живут, и местонахождении племен. граничащие с ними и даже живущие под властью кыргызов.

**Ключевые слова:** киргизы, Средняя Азия, Восток, Найман, Енисей, Каганат, Алтай.

**Abstract.** In this article, the eastern historian Rashid ad-Din reports the following about the “Kyrgyz tribe” in the “Collection of Chronicles”: “The Kyrgyz and Kem-Kemdzhiut” are

two neighboring peoples, together they form one power (state), "Si-shi- Izide» (Xlll k) when talking about the Kirghiz, Ertysh and Altai territories is described as two. According to "Yuan-Shi", the region "Kian-Kian Zhou" is located in the southeast of the Kyrgyz country, at the same time "Kem", i.e. It is located west of the Yenisei River. From this period, as in the "Tang" period before the formation of the Great Kyrgyz Khaganate (state), it is possible to obtain information about the lands that belonged to the Kyrgyz tribes, the mountains and waters where they lived, and the location of the tribes. bordering them and even living under the rule of the Kyrgyz.

**Key words:** Kyrgyz, Central Asia, East, Naiman, Yenisei, Kaganate, Altai.

Кылым карыткан кыргыз тарыхынын тамыры өтө тереңде жаткандыгы бүгүнкү күндөгү кытай, чыгыш жазма булактары аркылуу белгилүү. Рашид ад-Диндин «Кыргыз уруусу» тууралуу «Жылнаамалар жыйнагында» буларды кабарлайт: «Кыргыз менен Кэм-Кэмжиут» - жанаша жашаган эки дубан эл, экөө биригип бир бийликти (мамлекетти) түзөт. Кэм-Кэмжиут – чоң суу, бир жагынан монголдордун дубаны (Могулистан) менен, экинчи тарабынан Селенга дарыясы менен чектешкен Тайжнуттар менен коңшу турушат; үчүнчү тарабы Анкара-мурэн дарыясынын бассейнинен Ибир-Сибир аймагына чейин созулат. Кэм-Кэмжиуттун бир жагы ТОО- түздү мекендеген наймандарга да коңшу. Ошондой эле Баргужин-Токун деген жерди ээлеген, айрымдарынын түпкү теги монголдордон чыккан кору, баргы, тумат (түмөт), баяут (баят) уруулары дагы кыргыздар менен жанаша аймакта жашашат. Бул дубандарда шаарлар жана айыл-кыштактар көп, көчмөн калк андан көп. Алардын өкмөт башчыларынын өз энчилүү аттары болсо да «инал» аташат, ал эми дубанга белгилүү жана сыйлуу адамдарын «идн» дешет. Башка бир дубандын (областтын) аталышы – Эди-Орун, алардын башчысын Урус – Инал деп атайт[7.150].

Рашид ад-Динде найман эли жөнүндө Иртыш суусунун жээгиндеги Ирдыш – мурэн жана ушул суу менен кыргыздарды бөлүп турган тоолордун арасын жердешет деп айтылат. Андан ары наймандар Он-Хан башкарган Могулистандын бир дубаны менен да коңшулаш жашап, бул эки элдин ортосунда ар дайым кагылышуулар болуп турган. Найман журтунун бир жагы, ошондой эле, кыргыздар менен чектешип, бир капталы чөл тарапка созулуп, уйгурлар менен жанаша жерлерде жашашкан[7.136-137]. Бул найман уруулары көчмөн турмуш өткөрүп, тең калкы тоо аралап, теңи түздөрдө көчүп-конуп жүрүшкөн [7/136].

Рашид ад-Диндин маалыматтары боюнча кыргыз өлкөсүнүн аймагы Об менен Эртыш дарыяларынын ортосу болгон түндүк-батыш Алтай, Жогорку (Тува) жана Ортоңку (минусун ойдуңу) Енисейди камтыйт. Болжолу «Кэм-Кэмжут» дубаны (областы жогоруда аталган Жогорку жана Ортоңку Енисейди, ал эми «Кыргыз дубаны» кыргыздын батыш райондорун (аймагын) Иртышка (Эртыш) чейин ээлеп турган. «Кыргыз» дубаны Об-Эртыш сууларынын ортосун бүт ээлеп, андан ары чыгышты көздөй созулуп жатат. Ортоңку Енисейди (минусун ойдуңун) камтып, ал эми «Кэм Кэмжиут» - Жогорку Енисейди (Тува) жерлерине ээлик кылып турган. Кэм-Кэмжиут дубанына кирген аймак дагы түздөн-түз көз каранды болбосо да кыргыздардын бийлиги астында же кайсы бир деңгээлде алардын таасиринде турган. «Кэм-Кэмжиуттун» бир тарабы Селенга суусуна чектешип, «тайжиут» уруусу жердеген жерге чейин созулат»[7.150] деген Рашид ад-Диндин кабары анык болсо, анда бул жерлер дагы Кэм-Кэмжиут дубанынын (областынын) карамагында болгон. Айтмакчы, Риттердин маалыматтарына та-

янып, И.В. Березин дагы «Кэм-Кэмжиуттун» Кем, кемчик, кичи кем сууларынын атынан келип чыккан дейт[7/218]. Андай болгон соң «кыргыз» областы «Орто Азиялык» жана «Чыгыш» кыргыздарынан жана дагы уруктардан жана уруулардан болушу мүмкүн. Кандай болгондо да «Орто Азиялык» кыргыздар «Кыргыз областынын» батыш аймактарын ээлеп турган.

«Си-ши-изиде» (XIII к) кыргыздар тууралуу сөз болгондо Эртыш менен Алтай аймагынын эки катары сүрөттөлөт [5.5-6]. Бул маалыматтар «Орто Азиялык» кыргыздарга тиешелүү болушу толук мүмкүн. Рубруктун (1253-1254-ж) маалыматтарында «Керкис» аттуу өлкө жана анын элдери, алар «түндүгүрөөк жакта, токойлуу жерди жердеген» түндүк элдеринин ичинде «бир дагы шаары жок» «малчылыкты кесип кылган керкис аттуу эл, ошол эле жерде лыжа тээп жүгүргөн «оренгойлор» башкача айтканда «оренхайлар», «уранкайлар» Рашид ад-Диндин эскерилген, кыргыздарга чыгыш тарабынан коңшу жайгашкан кури, баргут (баргы) жана түмөттөр болгон; ошол доорлордо кыргыздын түштүгүрөөк тарапта тургандыгы тууралуу бул автордон жолуктурбайбыз [2.509], мында биринчи кезекте «Орто Азиялык» көчмөн кыргыздар жөнүндө сөз болуп жатса керек. Бул маалыматтар боюнча алар кыргыздар өлкөсүнүн батыш жана түштүк-батыш тарабындагы токойлуу жерди мекендеп турушкан. Рашид ад-Диндин «Жылнаамалар жыйнагында» урасыт, төлөнгүт жана куштеми урууларын дагы «токой уруулары» деп аташат, себеби алар кыргыз өлкөсү жана Кэм-Кэмжиуттар менен чектешкен токойлордо жашашат»[7.122-123]. Рашид ад-Диндин бул кабарында кыргыздар өлкөсү Кэм-Кэмжиуттардан бөлөкчө, өз алдынча мамлекет катары айтылып жаткандыгы кызык факт.

Бул жогоруда айтылган «кыргыз» дубаны кыргыз өлкөсүнүн батыш тарабын жана минусуну, ал эми Кэм-Кэмжиут дубаны Жогорку Енисейден Селенгага чейинки Кыргыздар үстөмдүк кылып, же күчтүү таасирин тийгизип турган аймакта жашашкан. Рашид ад-Дин «боз үйлөрү (демек, айылы) токойдун арасында болгон уруулардын бардыгы токой уруулары болгон»[7.123].

«Юань-Шинин» маалыматтарына караганда «Кянь-Кянь Чжоу» областы кыргыздар өлкөсүнөн түштүк-чыгышка, ошол эле маалда «Кем б.а. Енисей суусунан батышта жайгашкан» [2.504].

1123-жылы кытай кечили Чан-Чунь Алтай жергесинде болуп, «Кянь-Кянь Чжоу» (Кэм-Кэмжиут) өлкөсү ал жерден түндүк-батышка 1000 метрден ашык (500 верстке жакын) алыстыкта» экендигин уккан [2.504].

Мында бизге түндүк-батыш Алтай жергеси кыргыздарга тиешелүү болгондугу маанилүү маалымат. Бул маалымат кыргыз өлкөсүнүн батыш бөлүгү Эртыш жээгине (Об-Эртыш сууларынын ортосу) чейин созулгандыгын тастыктайт. Чань-Чунь эскерген бул аймак кандай аталышта болгондугуна карабастан «кыргыз» областына кирген кыргыздардын мекени экендиги анык.

Айтмакчы, наймандар 1199-жыл Чингизхан жана «анын ошол кездеги союздашы Ван-хан кереиттен (кереиттер дагы монгол урууларынан, наймандардын чыгыш тарабындагы коңшусу болгон) талкаланып, жеңилип «Кэм-Кэмжиут» өлкөсүнө качышкан [2.505]. Наймандардын «Кэм-Кэмжиутка качкандыгын, анын Тувада жайгашкандыгы далилдейт. Ал эми найман уруусу болсо – «Кэм-Кэмжиуттун» түштүк тарабында, ага чектешкен аймакта жайгашкан.

«Юань-Шие» «меркиттердин кол башчысы Тухте-бики (Токто-бек) жазында (болжолу 1202-ж.) Кем суусуна чейин барып (сыягы суу үстүн муз каптап турган болсо керек), бир нече күндөн кийин кыргыздар өлкөсүнө (киликистер) жетип, «алардын беш уруусун тең басып

алды» [2.505]. Демек, ал кыргыздардын чыгыш тарабына барып «Чыгыш» кыргыздарын каратып алган.

«Юань-Шиде» кыргыздар «абдан аз санда; болгону (9000) тогуз миң түтүн эл экендиги» айтылат [2.505]. Бул албетте, чындыктан алыс маалымат. Кытайлардан алынган кабарлар жалпысынан алганда ар кыл, айрым учурда бири-бирине карама-каршы. Жогоруда көрсөтүлгөн цифра деле кыргыздардын кичине эле бир бөлүгүнө гана тиешелүү болуу керек. Белгиленип өткөндөй, Рашид ад-Диндин жазып кеткенине караганда кыргыздар өлкөсүндө жана ага жанаша жайгашкан областтарда (дубандарда) көчмөндөр дагы «айыл-кыштак, шаарлар» дагы көп [7.150]. «Юань-Ши» боюнча кыргыздар «анчалык деле дыйканчылык кылышпайт, бирок эгин эгишет» деп айтылат [2.503].

Чань-Чундун айтканына караганда «Кянь-Кянь Чжоу» өлкөсү жөнүндө «жакшы темирди иштетишет жана тыйын чычкандары абдан көп; буудай эгишет; кытай кол өнөрчүлөрү көп санда: алар жибек, парча, флер жана гүлдүү кездемелерди токушат [2.504]. Мунун бардыгы Тувада же Мөңгү-Сууда болушу мүмкүн дагы, Об-Эртыш сууларынын ортосундагы аймакта жана Алтайда болушу мүмкүн эмес.

«Юань-Шиде» кыргыздар өлкөсүнө байланыштуу Ус, Хань-Хэнь жана Йиланчжоу (Жылан-Жолу) деген үч дубан эскерилет. Ус дубаны «кыргыздардан чыгышыраак, Кянь (Кем, Енисей) суусунан түндүгүрөөк жакта жайгашып, дубандын аталышы Ус суусунан улам пайда болгон.

Андан чыгышыраак тушта Кем суусу агып өткөн жерде Хан-Хэн дубаны турган. Бул жерде эки ашуу өтүп, кышкысын лыжа менен катташчу.

Йилангчжоу (Жылан-Жолу) дубаны чоң жыландын (сыягы ажыдаар го) атынан ушундай аталып, бул өлкөнүн жайгашы тууралуу аныктоолор жок» [2.505].

Жыйынтыктап айтканда, бул доордон Улуу Кыргыз каганаты (державасы) түзүлгөнгө чейинки «Тан» доорундагыдай эле кыргыз урууларынын ээлик кылган жерлерин, мекендеген тоо-сууларын, алар менен чектешип, а түгүл кыргыздардын үстөмдүгүндө жашаган уруулардын жайгашышы тууралуу маалымат алдык. Эске алуучу учур – өзүнүн саясий кызыкчылыгын көздөп жазылган «Тан» эпохасынын тарыхый булактарына караганда монгол доорундагы маалыматтар кыргыздардын ээлеген жерлери, таралуу масштабы жөнүндөгү маалыматтар бир кыйла так жана чындыкка чукул. Бул өзгөчө кыргыздар өлкөсүнүн батыш бөлүгү тууралуу кабарлардан жакшы көрүнөт.

«Бей-ши-узиде» (XllI к) кыргыздар жөнүндө маалымат «или» дарыясынын жанынан эскерилет[5.5]. Болжол менен «Бей-ши-узидеги» маалыматтарга караганда ал Xll к жарымында «Орто Азиялык» кыргыздар ошол жерлерде жашагандыгы толук мүмкүн деп берилет. Ушундан кийин кара-кытайлардын Гурханы «кыргыздар тынчын алгандыгы үчүн аскер жиберип жана Бешбалыкты алышкан». «Орто Азияляк» кыргыздар түндүккө карай Иртыш-Алтай жакка көчүрүлгөн же көчүшкөн. Мүмкүн ушундан улам өзүнүн «чыгыштагы» урууларынан айырмаланып батыш жакка Алтай менен Иртыштын тегерегиндеги аймактарга отурукташып калышкан.

Рашид ад-Диндин маалыматына караганда Чыңгызхандын алгачкы мезгилинде наймандардын башчылары болуп Наркыш-Таян жана Эният-каана болгон. Кыргыздардын урууларын кыйраткан соң, Эният-каан өзүнүн Наркыш-Таян агасынын астына келбеген жана белек берген эмес» [7.135-136].

Орто Азиялык кыргыздардын Алтайга көчүшүнүн себеби катары Найман (Батыш Монголиядагы кичи эл) менен кагылышуусу да четке кагылбайт жана жогоруда айтылган Наркыш-Таян менен Эният-каандын чабуулунан кыргыздар

ээлеген жерин таштап кетишкен. Белгилей кетүүчү нерсе болуп Рашид ад-Дин «кыргыз уруу» деп эскерет [7.150]. Ошон үчүн жогорудагы сөздөн соң Наркыш-Таян менен Эният-каан жеңген кыргыз уруулары же мамлекети болушу мүмкүн.

Аскер кагылышууларынан соң «Орто Азиялык» кыргыздардын оң канаты көчүп кетишти же Монголистандын ички аймагына кирип кетишкен жана моголдор деп аталып калышкан. Алгачкы маалыматтар XV к. жазма булактарында камтылган. Шафар ад-Дина Йездинин «Зафар-наме» аңгемесинде (XV кылымдын баш жагында) «Тимурдун аскери Джетеге каршы кеткени жөнүндө» сөз бар ошондогу кыргыздар Или дарыясынын аркасында кара талаада эл же улус болуп турушкан. Ошол мезгилде алардын башында Инга-Төрө турган[6.155]. Маалыматтарга караганда Инга-Төрө «Иль жана улус» Кийас жергесинде колго түшөт [6.155].

Инга-Төрөнүн санжырасы «Маджму ат-таварихте» келтирилет, анын биринчи бөлүгү кыргыздардын оң канатынын санжырасына окшош келет [6.207-208]. Анал-Хакка, Лур-хан, Гуз-хан, Арслан-бий, Кул-бий жана Мары бийден кийин Анга-Төрөгө келип үзүлүп калат [6.208]. Мүмкүн ушул убакта алар кыргыздардын оң канатынын катарына «моңолдор» деген ат менен кирген.

Анга-Төрөнүн баласы «Маджму ат-таварихте» Мухаммед-бек болгон. Чакырган аты Кек-Бука. Айрым санжыралардын берилишинде моңолдор урууcунун башчысын (Наалынын күйөөсү – Адигине менен Тагайдын карындашы) Кеке дешчү жана чакырган аты Кек-Бука [1.61-62]. «Маджму ат-таварихте» берилген боюнча, Мухаммед-бектин тукуму мындай аталган: Кувай (төртүнчү тукуму), Ку-Суек (сегизинчи тукуму), Сейид-Казы (Гази) (тогузунчу тукуму). Мындан тышкары Бай Могол жана анын тукуму Чолок-Тукаме менен Кире. Бардык аттар дал келишет (айрымдары кол жазмада бузулган) уруу башчылардын аттарына жана моңолдор урууcунун бөлүкчөлөрүнүн аттары менен, төмөнкүлөр жаңы санжыраларда бекитилген[1.62].

«Орто Азиялык» көчмөн кыргыздар убак-убагы менен жашаган жерлерин которуп турушкан.

Мухаммед Хайдердин «Тарих – и Рашиди» эмгегинде «Орто Азиялык» кыргыздар азыркы жайгашкан жерлеринде XVl к. эскертилгендиги жөнүндө маалымдайт. Бирок мурунку убактагы ар кандай көчүп-конуулар жөнүндө автор маалымат бербейт [9.75].

Н.Н.Тумановичтин жазганына караганда, Монголистандын алгачкы тарыхында кыргыздар эскертилбейт. XVl к. биринчи чейрегиндеги болуп өткөн окуяларда алар (кыргыздар) Моголистандын негизги калкы катары – Талас өрөөнүнөн тартып батышка карай чыгышка чейин жана чыгышта Турфанга чейин, түштүктө Кашкар, түндүктө болсо «иле» чөлкөмдөрүндө жайгашкан. Негизги жашаган аймагы катары Ысык-Көл эсептелинет. Бирок кыргыз уруулары ар кандай шарттарга байланыштуу батыш жакта Талас жана чыгышыраак жакта Турфан аймактарында көчүп-конуп жүрүшчү. XVl к. башында кыргыздар моголдордун жеринде үстөмдүк кылып аларды Кашгар жакка сүрүп чыгарышат. Саид-Хандын аскер жоокерлери пайда болуп жиберилген убакта кыргыздар чачырап жана Моголистандын эң ыраак аймактарында кайрадан пайда болушкан [9.84-85].

«Орто Азиялык» кыргыздар бул жерлерде XV кылымдын экинчи жарымында көчүп жүрүшчү эле. Мунун бирден-бир себеби болуп калмактар менен кагылышуусун божомолдойт.

Кыргыздарды Мухаммед Хайдер «Моголистандын токой (жапай) жолборстору»[9.79] деп атаган. Мындай айтылгандын себеби мүмкүн «Орто Азиялык» кыргыздар Тянь-Шандын тегерегиндеги токой аймактарында жашагандыгын

көргөзгөн. «Орто Азиялык» кыргыздардын Моголистандын ички аймагына жана батыш-чыгыш жака көчүүшү кандайдыр-бир деңгээлде уруу, уруктардын баш ийиши эле. XVl кылымда же кийинчерээк болжолу менен «алгачкы ичкилик» тобу пайда болгон жана кийинчерээк «ичкилик» деп аталып, кыргыздын бир бөлүгү катары таанылган. Бул бирикменин негизин Бул(а)гачы түзүшү мүмкүн.

Шараф ад-Дина Йездинин «Зафар-наме» китебинде (XV к. биринчи жарымы) «Тимурдун жоокерлерин моголистандын бардык тараптарына жиберилиши, Джете улусун жоготконго багытталган» Худайд Хусайин менен Мубашшир-бахадурдун жоокер башчылары «Кумартакуну жол көргөзгүч кылып, Уручку аркылуу 20 миң курама жоокери менен жолго түшкөн. Бикут деген жерге жеткенде алар Бул(а)гачы, вилкар эли менен жолугуп чоң согуш болду» [6.140]. Ушул маалыматтарга таянсак Бул(а)гачы Или дарыясынын аймактарында жайгашкан, жана ушул эле булактарда айтылгандай Тимурдун буйругу менен анын Эмирлери «Или дарыясын кечип өтүп», бул(а)гачы элин издешкен, «ошол аймактардын бардыгын карап чыккыла» [6.140-141] деген талап койгон. «Маджму ат-таварих» бир нече ирет бул(а)гачи уруусун эскертет, көбүнчө уруунун аттарын: бостон, тейит, жоо-кесек, дөөлөс, кыдырша жана кан(г)ды. Бул кыргыздардын урууларынын негизин түзөт. Кийинчерээк бул топ «ичкиликтер» деп аталган [4.204].

«Маджму ат-таварихте» Бул(а)гачиндердин уруу башчысы Салус-бек Бул(а) гачы (Ак-Огуланын ) Ак-уулдун баласы катары сүрөттөлөт. Мүмкүн, Бул(а)гачы өзүнүн келип чыгышында кыргыздардын оң канаты менен байланыштуу б.а. ошолордон келип чыккан. Же Бул(а)гачы уруусунун топтору кыргыздардын оң канатынын карамагында болуп ага баш ийген.

Дагы бир нерсени эскерте кетсек бул(а)гачы кытай булактарында белгиленген моуло уруусу болушу мүмкүн, алар болсо Vll к. Тянь-Шань тоо тизмегинин Боро-Хоро тоосунун аймагында турушчу[4.204]. Моуло кытай булактарында булаг деп берилет. «Матла» «ас-са» дайн ва маджма аль-бахрайн» Абу ар-раззака Самарканди» белгилегендей «Тимурдун могулистанга аттангандагы (болжолу менен 1388-89-жж) аңгемесинде «бул(а) гачы-викале»[6.156] мүмкүн булагалар менен согушкандыгы жөнүндө айтылат.

«Маджму ат-таварихте» бул(а)гачиндин уруу башчысы болуп Салусбек бул(а) гачи аталат. Ошону менен бирге Vll к. орто ченинде карлук бирикмесинин ичинде, кытай булактарына таянып: чжисы же пофу уруулары эскерилет. Алар болсо булагтар менен ташлыктардын ортосунда жайгашкан «түштүк жакта Джунгардын чөлдүү аймактарына чейин». Чжисы же пофу кытай булактарында чигил же себек [6.250] деп берилет.

Дагы «Зафар-наменин», «Тимурдун Тохтамышка чабуул салган» аңгемесинде бул(а)гачи менен катар салучи эли жөнүндө маалымат берилет. Мындай деп айтылат: Тимурчулар «жолго түшүп бул(а)гачи жана салучи жөнүндө маалымат угалы дешкен [6.109]. «Матла ас-са дайн ва маджма аль-бахрайн», «Тимурдун моголистанга жортуулу (1388-89 жж.) деген аңгемесинде, бул(а)гачи-салучи»[6.156].

Салус же салу (же Салусбек) болушу мүмкүн, Себек менен Салучи мааниси бир байыркы этникалык аты же сөз, жана жогоруда белгиленген уруулардын топтору, анын ичинде булаг, бул(а)гачи бири-бири менен байланыштуу. Булгаджи (мүмкүн, бул(а)гачи), Мухаммед Хайдердин («Та рих-и Рашиди») эскертилет, Ысык-Көл жакка жакын жерде [9.96] деп.

«Ичкилик» деген аталма, байыркы түрктүн «ичик» - салмактуу (ортого) сөзүнөн келип чыгышы мүмкүн жана «народ» - эл, б.а., ичик – эл (иль)-лик, ичкилик, кыргыздардын оң жана сол канатына) эль. Жана ушул уруулардын

мындай аталышы алардын ички аймакта жайгашып, кыргыздардын оң жана сол канатынын ортосунда ичкиликтерден түндүккө, чыгышка, чыгыш-түштүккө карай жайгашышкан.

Жыйынтыгында, ички эл ичкилик деп аталышы мүмкүн эле, кыргыздардын оң жана сол канаты (ичкиликтер тарабынан) – аркалыктар деп, б.а. тышкы эл деп (ичкиликтерге).

Б.Солтоноевдин жазганына караганда, кыргыздардын оң жана сол канатына бөлүнүшү жөнүндө бабалардын айтканы боюнча Сатыке (Сатука) эки балалуу болот. Улуусунун аты Агул (Ак уул), кичүүсү Кубул (Куу уул)[3.122-123]. Биринчи варианты боюнча «Агул оң жагында жаткандыктан анын тукуму оң болуп аталсын» Кубул сол жагында жаткандыгы үчүн сол жана анын тукуму сол аталсын» деп энеси айткан.

**Адабияттар:**


1. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и культурные связи. – Ф. –1990.
2. Бартольд В. В. Туркестан в эпоху монгольского нашествия. Соч. Т. 1. – М. 1963.
3. Белек Солтоноев. Казак-кыргыз тарыхы. (Рукопись отдела истории. 1057).
4. История Киргизской ССР. Т. 1. – Ф., – 1968.
5. Кюнер Н.В. Новые китайские материалы по этнографии кыргызов (хакасов) VII-VIII вв. //Хакасский научно-исследовательский институт языка, литературы и истории. Записки. Выпуск II. 1951
6. Материалы истории кыргызов Кыргызстана. – Ф.– 1973.
7. Рашид ад-Дин. Сборник летописей. –М.; – Л. – 1952.
8. Сборник летописей. История монголов. Соч.Рашид ад-Дина. Введ.: о тур. и монг. племенах. Перев.с перс.И. В. Березина. Труды Вост. отд. И.А.О., часть пятая. Спб. 1858.
9. Туманович Н.Н. Сочинение мирзы Мухаммеда-Хайдер «Тарих-и Рашиди» - как источник по истории кыргызов Киргизии. В сб.: Арабо-персидские источники о тюркских народах. – Ф. 1973.